Кырг
И
Б-54

# ИНЖЕНЕР РОЗА РИВЕРА



автору: Андреа Бети сүрөтчүсү: Дэвид Робертс



# ИНЖЕНЕР РОЗА РИВЕРА



Автору: Андреа Бети
Сүрөтчүсү: Дэвид Робертс

«ЛОГОС» басмасы

АМЕРИКА БОРБОРУ



АТЫ РОЗА, УЯҢ ЖАНА АЯЛУУ,
Бул окуя-Риверанын баяны.
Окучу эле чоң инженер болсом деп,
Лила Грирдин классында баягы.





Сабактан соң таштандыга ашыга,
Темир-тезек жыйначу эле шашыла.
Күүгүм кире ташып чыкчу акырын,
Эч көрүнбөй, жашаган там башына.








Бирин кесип, экинчиге такчу эле,
Түн киргенче буюм курап жатчу эле.



Таӊга жуук көзү илинсе Розанын,
Арткандарын керебетке катчу эле.

Бөбөк кезде тартынчу эмес мынчалык,
Эмгектенбей олтурчу эмес кылчалык.
Ашканага майда-барат техника,
Кылмайынча уктачу эмес тынч алып.

Агасына шариктерге окшош шым,
Жеңесине аппаратын хот догдун.
Жасап берип, кубанчу эле Роза кыз,
Абройлуу инженерге окшоп миң.







Бул өнөрү Розабыздын чыңалган,
Фред байкенин калпагынан уланган.
Желдеткичтин тетиктерин ирээттеп,
Быштак жытын чачкан буюм кадаган.

Ушул байкем зоопарктты сүйөт деп,
Жаныбарлар дүйнөсүндө жүрөт деп.
Бир башкача үмүт менен жасаган,
Жылан качып, ийинине кирет деп.




ZOO
KEEPER

Мактайт байкем деп сүйүнсө астыртан,
Тизесин чаап, шылдың кыла каткырган.
Агасынан күтпөгөнгө мындайды,
Шагы сынып, карекке жаш кылгырган.

«Жакты калпак... Элде жок го кайдагы?»
Деген анткор жайын Роза байкады.
Эч ким көрбөс жерге катып калпакты,
Ошол бойдон сырын жанга айтпады.



РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ


ROSIE


ROSIE



«Роза кызым, кичинекей улагым,
Конок болуп, сага келген убагым!»-
деп чоң апа келип үйгө бир күнү,
Айтып берди жүрөктөгү кыялын.

«Көктөн жерди карайм деген тилегим,
Кааласам да жетпесимди билемин.
Убакыт жок, учак да жок ал үчүн,
Өмүр өтүп кетеби?»- деп жүрөмүн.



Чоң апамдын айткандары бул кандай?
Роза көпкө ойгоо жатты уктабай.
Ар нерсени ойлоп-ойлоп акыры,
Болду окшойт бир ачылыш тапкандай.



Таңдын атып кеткенин да сезбеди,
Быштак калпак кайда экенин эстеди.
Мына ошол нерсе менен толгонуп,
Учак жасап берүү жолун чечкени.



Башка нерсе кыялында самабай,
Сүйрөп чыгып көк шибердүү талаага, ай.
Сыр учакты ишке салып текшерди,
Ары-бери оогонуна карабай.







Бир маалда куткөн учак от алды, курун тагып, кыз айдоого бет алды.





Жерден бир аз көтөрүлүп козголуп, талп деп кулап, мотор токтоп такалды.

Чоң энеге чоң тамаша табылды,
Арка жактан бир каткырык жаңырды.
Капаланып, башы төмөн шылкыйып,
Көөдөнүнөн кыздын кайгы агылды.

«Болду, кайттым инженерлик оюмдан,
Келбейт тура эч бир нерсе колумдан!»
Деп чыдабай ызаланып сүйлөндү:
«Ыргытамын шаймандарды чогулган!»







Чоң апасы алды жакка чыкты да,
Кучактады, бооруна бек кысты да:
«Ура-а! Максат орундалды, Розочка!
Алгачкыга бул эмгегиң мыкты да!»

«Биринчи учак учпай калган дилдиреп,
Кийинкисин жасашыңды билдирет.
Ызаланба!», – деген сөздү айтканда,
Роза турду шаабайы сууп, үлбүрөп.

– Талкаланды учагымдын бүт баары...
– Сөзүң - чындык... Бир аз жагдай кыстады.
Бирок тилек орундалды негизги,
Сага пайда... аз да болсо учканы.


1784-жылы Элизабет Тибл асманга
учуучу шар менен көтөрүлгөн биринчи
айым болгон. Ал учкан шар „Ла Густав"
деп аталган.
Блерио монопланы 1911-жылы
АКШда пилот лицензиясын алган
учкуч-айым Гарриет Квимбинин
учагына окшош.
1906-жылы Е. Лилиана Тодд учактардын
чиймесин түзгөн биринчи айым болгон.
1922-жылы. Бесси
Женни деп
Curtiss JN-4 учагы менен учкан.




«Жаңы учак жасай турган кез келди!» -
деп сүйлөшүп экөө түркүн кептерди.
Убакытты коротпостон жең түрүп,
Берди кемпир кызга даяр дептерди.

Билиш керек жеңилгенди, жеңгенди,
Бул көрүнүш неберәге дем берди.
Тоскоолдуктан корксом, ишим жүрбөйт деп,
Жаш инженер баштагыдан шерденди.


We Can
do it!
OIL



Өз жоолугун кызга салып чоӊ эне,
Иштешти алар тыным албай дегеле.
Ар тетикти орду менен кадашып,
Айландырды анык учкан кемеге.



Классташтар түрдүү ачылыш табышат,
Болбой калса, кайра жасап жарышат.



Буга себеп жалгыз Роза Ривера,
Сыймыктанып, андан үлгү алышат.





Бизге татыктуу тарбия берип, бизди эч нерседен кем кылбай чоңойткон улууларга - ата-энебизге, чоң ата жана чоң энелерибизге ыраазычылык билдиребиз. – А.Б жана Д.Р.

**КЫСКАЧА ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТ**

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде Америка Кошмо Штаттарында, Улуу Британияда, Австралияда, Канадада, Жаңы Зеландияда, Советтер Союзунда жана башка тарапташ өлкөлөрдө согушка керектүү жабдуулар менен камсыз кылууда айымдардын ролу абдан чоң болгон. Алар жоокерлерди тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн күнү-түнү иштешкен. Айрымдары кеме, учак, танк жана унааларды курушкан. Америкада аялдардын жардамы менен үч жүз миңден ашуун учак, сексен алты миң танк, эки миллионго чукул унаа жасалган. Бул айымдардын символу катары жоолук салынган Роза аттуу каарман белгилүү. Ал «Биздин колдон келет!» деген ураан менен ар дайым алдыга умтулат.

Бул китептеги сүрөттөр акварель боёктор, калем сап жана сыя менен тартылган. Айрым жерлерде кара калем жана миллиметрлик кагаз колдонулган.

Text Copyright © 2013 Andrea Beaty
Illustration Copyright © 2013 David Roberts
First published in the English language in 2013 by Abrams Books for Young Readers,
an imprint of Harry N. Abrams, Incorporated, New York
ORIGINAL ENGLISH TITLE: ROSIE REVERE, ENGINEER
(All rights reserved in all countries by Harry N. Abrams, Inc.)
Кыргызча басылмасы ©2017 «Логос» басмасы.
Басылма Америка Кошмо Штаттарынын элчилиги тарабынан каржыланган.
Акысыз таратылат.




УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7
Б 54

Бети А.
Б 54 Инженер Роза Ривера / Которгон Н.Карыбекова,
Ж.Турсунбаев. – Б.: «Логос», 2017. – 32 б.
ISBN 978-9967-28-407-4

Б 4804040100-17
ISBN 978-9967-28-407-4

УДК 821.111(73)-93
ББК 84.7



ЖЧК «Логос» басмасы. Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Байтик Баатыр көч. 3/2
Форматы 227x278. Көлөмү 8,0 б. т., офсет кагазы, офсеттик басуу. Нускасы 3000 даана

«V.R.S. Company» ЖЧК басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,
Кулатов көч. 8/1, e-mail: vrs-co@mail.ru



АКШ ЭЛЧИЛИГИНИН КИТЕП КОТОРУУ
ПРОГРАММАСЫНЫН КОЛДООСУ
МЕНЕН ЧЫГАРЫЛГАН